**“Жарнама жана коомчулук менен байланыш” окуу программасы**

**2009-жыл.**

“Жарнама жана коомчулук менен байланыш” окуу программасы 2009-жылы журналистика факультетинин базасында кафедра катары ачылган. Кафедранын ачылышы жана өнүгүүсү PR жана жарнама институттарынын кескин өсүшүнөн, бул институттарга жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жана азыркы учурда эмгек рыногу жарнама жана коомчулук менен байланыш адистерине муктаждыгы менен шартталган.

Кафедра алгач “Жарнама” жана “Коомчулук менен байланыш” багытындагы адистерди даярдаган. Ал эми 2012-жылдан баштап Мамлекеттик жогорку билим берүүнүн жаңы муунунун стандартына ылайык “Коомчулук менен байланыш жана жарнама” багытында билим берүү ишке ашырылган.

Студенттерге билим берүүдө жарнаманын, менеджменттин, массалык коммуникациянын, копирайтингдин, коомчулук менен байланыштын теориясы жана практикасы сыяктуу сабактар өтүлүүдө. Бүгүнкү күндө кафедра мамлекеттик түзүмдөрдө, коммерциялык мекемелерде, массалык маалымат каражаттарында үзүрлүү эмгектенген иш билги адистерди даярдоодо.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы: А.А.Арзыматова - профессор, т.и.д., Б.Б.Максутова - доцент, ф.и.к., Ж.Т.Кожомбердиева - доцент, ф.и.к., Р.М.Токсоналиева - доцент, ф.и.к., Р.Б.Маманова - улук окутуучу, А.З.Эралиева - улук окутуучу, Б.Ж.Асанова - улук окутуучу, Т.М.Токторбаева - улук окутуучу, К.Какишев - окутуучу, Р.А.Маткадыров - окутуучу, Э.Абдыгулова - окутуучу.

**2012-жылы** Ж.Баласагын атындагы КУУда алгачкылардан болуп кафедранын базасында медиамектеп ачылган. Ал PR жана компьютердик технологиялар чөйрөсүндө адистерди даярдоо максатын көздөгөн. Окуу программасына бүгүнкү күндүн талабына жооп берген багыттар кирген: PR менеджмент, компьютердик дизайн-программалары Adobe Photoshop, CorelDRAW, Adobe InDesign.

**2013-жыл**дын 1-ноябрында Ж.Баласагын атындагы КУУнун 80 жылдык маарекесине карата студенттер тарабынан “Маарекең менен, университет” аттуу флеш-моб өткөрүлгөн. 17-ноябрда студенттер күнүнө карата “Ученье – свет” акциясы уюштурулган.

**2014-жылы** 12-13-сентябрда студенттер USAID жана ACTED тарабынан уюшулган “Мир и согласие” аттуу документалдык кино фестивалына катышып, “ЖОЖдордогу коррупция” аттуу социалдык ролик үчүн калыстар тобунун атайын сертификаты менен сыйланышкан.

**2014-жылы** 23-октябрда универститеттин тарыхында алгачкы жолу салтанаттуу түрдө Жарнама күнү белгиленди. Бул кесиптик майрамга карата студенттер арасында социалдык роликтердин конкурсу ийгиликтүү өткөрүлгөн.

Кафедра 2014-жылдан тартып жыл сайын ЖОЖдор арасындагы “PR жана жарнама учурдун коммуникациялар системасында” деген темада студенттик илимий-практикалык конференцияны өткөрүп келет. Конференция азыркы коомдогу жарнама жана коомчулук менен байланыштын актуалдуу көйгөйлөрүнө арналуу менен “Мыкты социалдык видео жарнама”, “Мыкты социалдык радио жарнама”, “Мыкты социалдык плакат” аталыштарындагы социалдык жарнаманын конкурсу да каралган.

**2016-жыл**дан бери кафедранын мугалимдери жана студенттер Красноярск шаарында өткөн бүткүл россиялык жарнама жана PR “ЯРПиаР на Енисее” фестивалына катышып келишет. Ал

гана эмес ар кандай конкурстардын жыйынтыгы боюнча байгелүү орундарга ээ болуп келишерин баса белгилей кетсек.






**2017-жылы** кафедра КУУнун илимий изилдөөлөр боюнча грантына катышып, “Ж.Баласагын атындагы КУУнун имиджин изилдөө жана аны Кыргызстандын билим берүү кызматында алга жылдыруу” деген темада иш алып барды.

Б.Б.Максутова, Т.М.Токторбаева тарабынан “Коомчулук менен байланыштын теориясы жана практикасы” аттуу окуу куралы жарык көргөн. Андан тышкары Б.Б.Максутова менен Р.М.Токсоналиеванын “Копирайтинг жана тексттин стилистикасы” окуу куралы басылып чыккан.

Ошол эле жылдын декабрь айынан бери кафедра журналистика факультетинин 1-4-курстарынын студенттеринин арасында жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналган «Кызыл алма» аттуу сынагын өткөрүп келет.







Ал эми март айында “Жоогазын” улуттук жарнама жана пиар фестивалы уюштурулат. Фестивалдын алкагында студенттик илимий-практикалык конференция, лекциялар, мастер-класстар, республиканын жарнама жана PR чөйрөсүндөгү алдыңкы адистери жана практиктери үчүн тренингдер, «Мыкты социалдык видео жарнама», «Мыкты социалдык радио жарнама», “Мыкты социалдык плакат” номинациялары боюнча социалдык жарнамалык сынактар өткөрүлөт.

**2020-жыл**дын 22 ноябрында кафедра салтанаттуу түрдө кафедранын 10 жылдыгын белгиледи.

**2023-жыл**дын 1-сентябрынан тарта кафедра “Жарнама жана коомчулук менен байланыш” окуу программасына өтүп, билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.